Шакитов Ш.Ш.

Академик Ж. Алышбаев ат. Ысык-Көл кооперация иниституту

# УЧКУЛ СӨЗДӨР КӨРКӨМ ЖАНР КАТАРЫНДА

Коомдун материалдык жана руханий өнүгүшүнүн тарыхый узак, карама–каршылыктуу татаал жолунда көркөм чыгармалардын окшош же жакындык белгилери, бир жагынан, коюн–колтук алышып, жарыш калып-тана берген. Экинчи жагынан, жараты-лыш, коом, ааламдагы чексиз кубу-луштар, көрүнүштөрдүн көп кабаттуу, түмөндөгөн процесстеринде алар бири биринен бара–бара обочолонуп, типтүү, белгилүү бир багыттарга, мисалы, мифтик, диний, илимий, философиялык, илимий–диалектикалык көз караштарга багынып келет. Бирок алар өткөн доорлордо гана эмес, өз ара байла-ныштарын өркүндөтүп, азыр да актуалдуу мааниге ээ. Ошондуктан мифтик жана диний мазмундуу чыгармаларды илимий же филосо-фиялык жактан гана талдоо, баалоо, балким, бир жактуу болуп калар. Турмуш көп кырдуу.

Чыгармачылыктын эң байыркы үлгүлөрү элдик оозеки адабияттан орун алган. Көлөмү жана түзүлүшү жагынан лирикалык – чакан же эпикалык – кенен чыгармаларды албайлы бардыгынан макалдар табылат. Макалдар кыска, негизинен, бир, эки, төрт саптан куралат:

- *Уят өлүмдөн катуу,*

- *Аганы көрүп, ини өсөт, эжени көрүп, сиңди өсөт.*

- *Адам болор кишинин адам менен иши бар,*

*Адам болбос кишинин адам менен неси бар.*

Аталган ж.б. макалдардын ритмикасы жыйнактуу, так, чың, насаатчы маанайда экендиги өзүнөн өзү эле көрүнүп турат.

Макалдар образдуу, ойго терең, баамчыл; тике же каймана маанисинде айтыла бергендиктен, жеңил–желпи угулуп, адамдын эсинен чыкпай калат:

- *Керегеде кулак бар, кеп айтам десең, ыраак бар.*

- *Акылдуу ишине, акмак түшүнө ишенет.*

- *Көк талды отунум дебе, көк бетти катыным дебе.*

- *Көпкөн жигит көп сүйлөт, чечен жигит эп сүйлөйт.*

Социалдык–экономикалык тең-сиздиктеги шарттар бийлөөчү төбөл-дөрдү, мансапкорлорду, өзүмчүлдөрдү, эзүүчү–зөөкүрлөрдү, зулумдарды пайда кылган. Алардын да өзүнө тиешелүү макалдары бар:

- *Алтын баштуу аялдан бака баштуу эр артык.*

- *Алтымыш аял бириксе, бир тоокчо акылы жок.*

- *Акылдуу болсо, тоок чокуйбу бок?*

- *Катын өлсө - камчы сап, кайра төшөк жаңырат.*

- *Салып алсам – төшөгүм, минип алсам –эшегим.*

Элдик педагогиканын адамгер-чиликтүү талаптарына эч кандай жооп бералбаган, адепсиз, тантык мындай макалдардын колдонуудан чыгышы алардын элдик мүнөзүнүн жоктугуна жатат. Ошондуктан чындыкка дал келбеген, кордоочу, кемсинтүүчү макалдар ооздон оозго, муундан

муунга өтпөй калды. Жазма маданият жана адабияттын жаралышы, өркүндөшүнүн негизинде өсүп-өнүп чыккан авторлордун макалдары жаңы форма, жаңы мазмунга ээ болушту. Бул жагынан алганда, макалдар менен учкул сөздөрдүн да окшош жана айырмачылыктары бар. Алар – адабий эгиздер. Учкул сөздөр макалдар сыяктуу кыска, так, осуятчыл, образдуу, терең ойлуу, сынчыл, жалпылоочу мааниге ээ; курч жана таамай айтылат, эске тутулушу жеңил, өткүр; турмуштун дээрлик бардык чөйрөсүн камтып, элестүү, тарбиялык таасири күчтүү.

Айырмачылыктары: учкул сөздөр акын –жазуучулардын чыгармаларында:

- *Сүйүү – бул кандын котуру* (В.Шекспир).

- *Мен күйбөсөм, сен күйбөсөң, каран түндү жарык кылып, ким күйөт*?

(Н.Хикмет).

- *Атак–даңкты, жалааны да камаарабай кабыл ал, жана дагы акмак менен айтышпа* (А.Пушкин).

- *Күн сайын адам болуу эң кыйын* (Ч.Айтматов).

- *Манасың, калкым, урааның, Ала–Тоо асыл турагың!*

- *Караниет ойдон сакта, кайдыгер чоңдон сакта!* (А.Жакшылыков);

илимий эмгектерде:

- *Адамды адам кылган – эмгек* (Ф.Энгельс).

- *Сүйүүдөн турмуш жаралат* (А.Табалдиев);

саясий, коомдук ишмерлердин сүйлөгөн сөздөрүндө:

- *Өлүмгө тике кара* (Курманжан датка).

- *Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот* (И.Раззаков),

- *Олуялардын өлбөс – өчпөс улуу мурастарында, баталарында:*

- *Ырыс алды–ынтымак, ын-тымагың жок болсо,*

*Алдыңдан тайыйт алтын так* (Калыгул).

- *Зөөкүрдү чабар камчы бол, кургак жерге тамчы бол.*

*Дүлөйлөргө кулак бол, чөлдүү жерге булак бол.*

*Балалууга бешик бол, бак –таалайга эшик бол.*

*Таразанын ташы бол, так чындыктын башы бол* (Арстанбек);

*Акелердин акылмандыгында көп байкалат:*

- *Кайратты элден ал, келбетти жерден ал.*

*Тазалыкты суудан ал, ынтымакты туудан ал.*

- *Туякка – жер тирек, канатка – жел тирек, ханга –эл тирек* (Карга аке).

Макалдардын автору, негизинен –эл. Алар элдин элегинен кылымдап өтүп, чайкалып алынган алтындай жаркырап, калк арасына оозеки тил аркылуу тарады. Боордош, тектеш элдердин тили, дили, оокат–тиричилиги, карым–катышы окшош болгондуктан, аларда орток макалдар да кездешет. Ал эми учкул сөздөрдүн авторлору дайындуу, дарек-түү, аларды эч ким

менчиктештире албайт.

Орус элинин адабий табый-гатында учкул сөздөргө көңүл бөлүү кыргыздарга караганда мурдараак башталды. Бул маселе боюнча Н.Ашукин, М. Ашукинанын эмгектерин эске алуу жетиштүү. Алардын «Крылатые слова» аттуу китеби толукталып, кеңейтилип, үч жолу жарык көргөн (үчүнчүсү 1966-ж., - Москва). Ушундан кийин кыргыз авторлорунун арасынан биринчилерден болуп, учкул сөздөргө кайрылгандар да табылды (Ж.Султаналиев Учкул сөздөр. - Ф., 1968). Андан соң экинчи – үчүнчү –төртүнчүлөрү … да учкул сөздөрдүн адабий анатомиясына кызыгып ка-лышты. Алардын арасында А.Акмата-лиев, К.Артыкбаев сыяктуу окумуш-туулар бар. Б.Андабеков, С.Дубанбаев, Т.Жайнаковдор ж.б. учкул сөздөрдүн босогосунан баш багып, анын ажайып төрүнө өтпөй калышты сыяктанат.

Ушул саптардын автору да учкул сөздөрдү айланчыктап жүргөндөй болгон (карыны бакса киши, бакпаса бүтпөйбү иши; нерселер сүрүлүүдөн ысыса, адамдар сүрүлүүдөн муздашат; уккусу келбеген адам дүлөйдөн да жаман; тиштешүү эмес – иштешүү; окусаң – ойлоносуң, изилдесең – толгоносуң; бийик чыкканың – билип чыкканың ж.б.), бирок ал деле чабалдыгын көрсөттү.

Эми учкул сөздүн саяпкери, мүнүшкөрү, устасы, сырдашы; аларды сонордун жумшак жүнүндөй үлпүлдөтүп күткөн, баккан адам табылабы?

Элден, журттан таланттуу көптөгөн инсандар чыккан, дагы чыгат. Андай киши табылат, ал - Үсөнбек Асаналиев, Карга акенин тикеден–тике тукумдарынан; тил илиминин доктору, профессор, акын, котормочу; комузчу; КРнын элге билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер.

Үсөкем - акын катары орчундуу эмгектердин автору. Акыркы он жылдыкта өңчөй учкул сөздөргө арнаган китептери:

- Сөз – сөөлөт. - Б., 1999, 16 б.т.;

- Сап – санат. - Б., 2008, 15 б.т.;

- Ажыдаар алааматы. - Каракол, 2011, 17 б.т., бардыгы 48 б.т. ж.б. Китептердин аталыштары эле учкул сөздөрдөн куралган. «Сөз – сөөлөт». Сөөлөттүү сөздөр тематикалык 85 топко бөлүнгөн. Алар алфавит тартибинде жайгашып, керектүүлөрдү издебей, убара болбой эле турмушта дайыма, туруктуу колдонулган абийир, адам, адамдык сапаттар, акыл, акча, бала, байлык; жакшылык, жамандык, жаштык, жүрөк; заман; коркок, карылык, кыз; мезгил, мекен; өмүр, өлүм; сөз, суу, сүйүү; тил; улуулук, уста, уят; чечен, чындык; эмгек, эне-ата, эрге, ж.б. арналган учкул сөздөргө туш келип, ырахат аласың, көркөм дүйнөңдү байытасың. Кыскасы, жөө жүрбөйсүң –«аттан» «эшекке» чейин аралап, айлана –чөйрөңдү, турмуштун тардыгы же кенендигине, карама–каршылыктуу-лугуна дагы бир жолу ынанасың:

- *Абийириң ачылды – аброюң чачылды* (3-б).

- *Арын саткан баарын сатат* (3-б).

- *Адам бузулса, аалам бузулат* (4-б)

- *Аргымак – жарышка, азамат- намыска* (51).

- *Күйкө баш болсо, шумкар кор, эшек баш болсо, тулпар кор.* (249-б)

(мындан ары китептин беттери цифралар менен гана белгиленет).

Адамдын жакшы-жаман болушу, баарыдан мурда, эки нерсеге көз каран-ды: биринчиси - тукумуна, экинчиси - тарбия, билим, мезгилине жараша:

- *Турмушту бузган да – арак, тукумду бузган да – арак* (49).

- *Китеп жеген чычкан сабаттуу болот…* (223).

- *Таалим албай, тарбиялуу болбойт* (224).

- *Билим бир күндө эмес, миң күндө* (78).

- *Билимиң болсо - катпа, бийлигиң болсо - чачпа* (79).

Байлыгы бардын бийлиги бар, жок болсо, аларга жутунгандар көбөйдү. Бай болбосо, бийликке ашыгабы, жалгыз орунга Түмөнбайлар эмнеге жулунушат?

- *Байдын санаасы - бийлик* (60).

- *Манчыркатпас мансап жок* (61).

- *«Чоңдун» тапканы бекер, татканы шекер* (77).

Кедейлер тутулган, байлар, бийлер, бектер кутулган заманда жашап калдык. Мындай теңсиздикти жайылтууда, бийликке ишенбөөчүлүктү жаратууда соттордун да ролу бар:

- *Соттон соо кутулган аз..*

- *Соттун жолуна да керек, колуна да керек.*

- *Сот билбейм десең, соо жүр* (213).

Социалдык-экономикалык, сая-сий-маданий системалар алмашыл-ганда, өзгөргөндө; туруксуздук өкүм сүрүп, мамлекет башкаруу, уюш-туруучулук, көзөмөлдөө жөндөмүн төмөндөтүп, элинен алыстап, жалаң гана жөндүү же жөнсүз реформалар менен жашап калганда өлкөдө, утурумдук болсо да, кемчиликтер көбөйөт; алдыга жылуу эмес, артка чегинүү үстөмдүк көрсөтүп калат. Натыйжада, жумушсуздук, элдин байлыгын талап–тоноочулук, кылмыш туулук, тартипсиздик жашоодо башала-мандыкка өтөт; кадрларды тандоо, тарбиялоо, жайгаштыруу туш келдиге, саясатты быкшытууга алып келет. Быкшыган саясат кимге жагат? Мурдун тозгондоргобу, элден «озгондоргобу»? Жумушсуздукту шылтоо–шынаа кыл-гандык – жалкоолук:

- *Адамдын чалпоосунан жалкоосу жаман.*

- *Бекердин шекери – уйку.* (104).

- *Жалкоого алкоо жок; жалкоонун жумушу – көчөдө.*

- *Жумуштан качкан – ырыстан качкан* (105).

Жүзгө жүз салыштыруусуна да көңүлдү бир аз буралы. Элдин калың катмарынан жүздөн дунган, казак, кыргыз, өзбек, уйгурду мисалга алалы. Кимдеринин жашоо деңгээли, сапаты жогору? Эмне себептерден? Буга окшош көптөгөн суроолорго, урматтуу окурман, өзүң деле жооп бераласың. Бирок бир нерсени айтып коюуга биз да милдеттүүбүз: биз, кыргыздар, акыйкат-сыздыктан, аракечтиктен, курулай намыстуулуктан, бөөдө чыгымдардан, бөлүнүп–жарылуудан, жалкоолуктан, карыздардан, кыянаттыктан, социалдык дарттардан, чыр–чатактардан, уурулук-тан, уятсыздыктан ж.б. акырындап арылмайынча, алыстамайынча жашоо-бузду жакшырта, мамлекетибизди чыңдай албайбыз; уруучулуктан улуттук белгилерге толук өтүүнү дагы узарта беребиз:

- *Алпты арак жыгат.*

- *Арак башты баш кылбайт, жашты жаш кылбайт* (37).

- *Ичкиликтин итчилиги көп* (44).

- *Улуу унут болбойт, уятсыз тунук болбойт;*

-*Уяты бар ушак айтпайт; уятсыз урмат көрбөйт* (233).

«Сап–санат» 4 саптуу (6,8,10,12 саптуулары да бар), 7-8, 10-11-муундуу 1978 бир шилтемдерди камтыйт. Алар формасы боюнча рубайлардын жолуна түшкөндөй өңдөнөт. Рубайларда фило софиялык ой жүрүртүүлөр басымдуулук кылса, «Сап–санат» чектелбейт, коомдук аң-сезимдин дээрлик бардык түрлөрүн көркөм дүйнөгө жакындатат (диний, жыныстык, илимий, искусство, космостук, саясий, тил, философия, эстетика, этика ж.б.):

Жашоого эң зарыл, коомдук башка кубулуштарды унутта калтырып, соода менен саясий аң-сезим алдыга сүрдүгөт:

- *Шайлоолор шайды оодарды, бөлүп жарды,*

- *Соодага айландырды намыс–арды.*

- *Бир гана сатыла элек бул дүйнөдө,*

- *Калгандан жалгыз гана аба калды* (177).

Мелмилдеген, назик, көптөгөн ойлорду бир–эки сөз менен бир эле түйүнгө түйүп коюу адашып жүрүп, поэзиянын ажайып дүйнөсүнө кирип калган кээ бир акын сөрөйлөрдүн колунан келбейт – учкул сөздөрдү эң бийик даражага көтөрүү озуйпасы азырынча ойчул акын Үсөнбек Асаналиевге гана тиешелүү:

*Кандай кооз кудай берген жерибиз*

*Жоомарт, сыйкор биздин кыргыз элибиз.*

*Абалтадан Ала –Тоого катылып,*

*Аманатта алтын, күмүш кенибиз.*

*Ууру менен каракчыга тонотуп,*

*Коргой албай келатабыз сени биз* (184).

Ууру менен каракчылар илгертеден бери эле илээшип келет. Бирок азыркылар туурасын «тууралап», узунун дагы узартып, бийиктигин асмандатып, көлөмүн болуп көрбөгөндөй кеңейтип, салмагын элге салгандыгын Ү.Асаналиев «Ажы-даарлар алааматында» патриоттук эң күчтүү сезим, таамай, айныгыс тактык менен ашкерелеген, бет пардасын сыйырган, шермендесин чыгарган.

Ажыдаар – оп тартып, адамды да, айбанды да соруп кетчү мифтик жаныбар. Ажыдаар деле какбаш эмес экен анын да азезил, жаналгыч, желмогуз, ибилис сыяктанган ага–тууганын китептин ичинен көргөндөй болуп калдык… Мутация жолу менен ажыдаардын тукумдары айбандарга – бөрү, дөбөт, ит, каман, тайган, түлкү, чөөгө, эшектерге; жору, күйкө, кузгун; акула, мите, сүлүк курттар, чаян–бөйөн ж.б. айланыптыр. Соңку 20 жылда алардын реалдуу небере-чөбөрөлөрү өсүп жетилгендигин автор жанга тийген, жетик, какшаткан, каргыштуу, какшык-туу, курч, миздүү, мурчтуу, өткүр, укумчул, учтуу, чукугандай, чучукка жетчүдөй учкул сөздөр менен сүрөттөптүр.

Автордун 3-китеби үч бөлүктөн турат:

1. Ажыдаарлар алааматы: 153 теманын алкагына 859 куплет камтылган.
2. Бийлик кумары бирди кылат -1131 рубай.
3. Кан калыс болбосо, калктан алыс болот: 37 бейт, накта 451 сап учкул сөздөр.

Ажыдаарлардын тышы суук, ичи дүлөй келбеттерин китептин 121, 136, 139, 170, 177, 182, 194, 201, 202, 215–беттеринен ж.б. жолуктурса болот. Алар тике же каймана маанисинде берилсе да сөз ким жөнүндө жүрүп бараткандыгы өзүн өзү эле түшүнүктүү:

- *Эки ажыдаар башчы болуп элиме,*

*Мүңкүрөткөн мүшкүл түштү жериме,*

*Кара калкты кайыштырып отуруп,*

*Жеткиришти жакырчылык чегине* (5).

*Элди ойлобойт, элге көөнү карарган.*

*Сүлүк курттай сүтүн түгүл кан алган.*

*Ажыдаардын анык өзү ушулар–*

*Оп тартканда калбайт сенин жан арган* (106).

Ажыдаардын азыркы кезде түрүн өзгөрткөн укум–тукумдарын чоң эки топко бөлсө, китептин максатына дал келээр беле?

Биринчиси – талап–тоногондор: алдым–жуттумдар, зордукчулдар, кесирлүүлөр, көпкөндөр, көркоолор, мансапкорлор, паракорлор, текеберлер ж.б.:

- *Ажыдаардан ашып түшту жегендер,*

*Элге–журтка кызмат кылат дегендер.*

*Аларыңа кеп да болбойт калыптыр,*

*Алып жутса милиондук ченемдер* (121).

Алдым–жуттумдардын, тоноочу-лардын жек көрүмдүү кариккатуралары чыгарманын 72 бетине көргөзмөгө коюлуптур:

- *Тоодой күрөп, тойдуңар го тойгондой,*

*Сойчу жерин сойдуңар го  сойгондой.*

*Атаңардын же акысы бар беле,*

*Кайран элди кансыратып койгондой?* (12).

*Совет кезин сөгө бербе, ойронум,*

*Керт башыңдын келечегин ойлодуң.*

*«Элим үчүн!» демиш болуп бүт тоноп,*

*Жакшылыкка жарты кирпич койбодуң* (172).

Совет доорунун жыргалын да, жыласын да көрдүк: ага бир беткей мамиле күтүп, баш-аягына чейин шыбай берүү саясий же илимий эрдикке жатпас. Акысыз таалим–тарбия, билим берүү, илим изилдөө, медициналык тейлөө, кадрларды иш билгисине жараша кызматка аралаштыруу эмне деген улуу дөөлөт эле!?   Автор бул жагынан да калыстыктан тайбаптыр:

*Коммунистик коомдо,*

*Бардар болуп оңолдук.*

*Эгемендик алганда,*

*Бөрүлөргө тонолдук* (36),

*Мен өткөндү акараттап сөкпөймүн,*

*Келсе экен деп көз жашымды төкпөймүн.*

*Ал замандын, бул замандын кетирген,*

*Кемчилигин кейиш менен жектеймин* (81; кызыксаң, совет мезгилиндеги да карама–каршылыктуу турмушту 22, 31, 40, 74, 79, 80, 88, 98, 116, 136, 141, 154, 157, 164, 172, 188, 189, 222-беттерден тапсаң болот).

Ажыдаардын опкоксунган чүр-пөлөрүнүн экинчи тобуна эле кирчүмүн деп жулунгандар: аксымдар, амал-көйлөр, ант ургандар, бузукулар, жети жүздүүлөр, жексурлар, жойпулар, зулумдар, кайдыгерлер, канкорлор, кара беттер, кошоматчылар, куйтулар, кумкулактар, чуу куйруктар, шумпайлар ж.б. Булардын ар бири аталган китептин тиешелүү куплеттеринен өз бейнелерин жаңылбастан таап алышат:

- *Чоң жөтөлсө, өзүң ыкшып эрип кал,*

*Ал ишарат кыла электе келип кал.*

*Кабак чытып бирөөлөргө тигилсе,*

*«Тарт» дегенче так төбөгө берип кал*

*Шеф сүйлөсө, ийкей бергин башыңды,*

*Ал кейисе, арчып жибер жашыңды*

*Ал тилдесе, сен да соккун кошулуп,*

*Жек көргүнүң андан мурда озунуп* (152).

«Заман бузулду» эл арасында кеңири тарады. Заманды адам бузат, адамды заман бузат. Ата–бабалар зар замандан бар заманга келишкен. Эмки муундарыбыз бар замандан тар заманга келишти:

- *Заман жаман бузулду,*

*Карабай элдин убалын,*

*Терс жагына бурулду.*

*Какшатып турган убагың.*

*Туш келесиң не күнгө*

*Эй, заман, сенин түрүңө,*

*Боло берип урунду* (101)

*Түкүргүм келип турамын* (109)

Үсөкем - өтө токтоо, көптү көргөн, салабаттуу инсан. Жогорудай ойлорду, «тартипсиздикти» ал заманга жана күйдүргүлөргө абдан наараазы болгонунан айтып салды. Аксакалдын оптимист жайы да бар:

- *Бечаралар көргөн күнү не болот,*

*Азыктары бүгүн, эртең жоголот.*

*Гумжардамы тийсе тиер буларга,*

*Ага чейин, балким, заман оңолот* (126).

Заман өзүнөн өзү бузулбагандай эле, ал өзүнөн өзү оңолбойт. Өлкөбүздүн бардык субъектилери калыс болуп, бир максатты көздөп, чыгармачылык ак эмгек менен колдон келгенди иштесе, а дегенде алдым–жуттумдардын, кыл-мыштуулуктун тамырын түбүнөн бери жулса; укук мамлекетин, жарандык коомду курсак, эмне үчүн заман оңолбосун! Замандын оңолушу адамдын колунда:

- *Бардар болуп, байыганга не жетсин,*

*Бирок дагы ак эмгектен тапса аны.*

*Колдон келер жумуштарды жасагын.*

*Самай бербей чыга албаган асканы* (180).

*Көл мелтирейт толкуну жок кыйладан,*

*Бул турмушу – сылык–сыпаа сыйда адам.*

*Кубанычым, кутум сенсиң – Ысык-Көл,*

*Кучактасам, кучагыма сыйбаган* (54)

Мына, окурман, акылмандын ачуусу бар, кеги жок, даанышмандын теңтушу бар, теңи жок деген ушул эмеспи. Аксакалдын кабагы жарк этсе, биз да күлүмсүрөгөндөй боло түштүк. Үмүт, тилегибиз жаңыланып, 5-10жылдан кийинки келечегибизге дүрбү салып калдык…

Акын - сөзгө чебер, ар бирин таразалаган, айтар сөзү белен, сөз тапкан, тапкан сөзүн баккан, сөздөрдүн машына, сөөлөтүнө жеткирген тереӊ ойчул, окумуштуу адам. Ал «шалтай–балтай не керек, чочконун мурду тегеректигин» жазгандардан эмес. Андайлардын айрымдарынын мука-басын карасаң, «Чыгармалар тан-далган», ичин ачып карасаң, «ырлар жүрөт сандалган».

Илимдин гана эмес, көркөм чыгармачылыктын бийик даражасына жеткен акын–профессор адабий тилди кынтыгы жок өздөштүргөн. Анын бир мисалына тилибиздеги туруктуу сөз айкалыштарын, макалдарды (алы жетпеген – акыретчил, ант уруу, арам тамак, арааны ачылуу; бармакты тиштөө, баш кесер, бөлүнгөндү бөрү жейт; жери куурулуу, жон терисин сыйыруу, жоон моюн, жыргалдын кууралы да болот; ит адат, ити чөп жейт; кандын касабына калуу, кой терисин жамынуу, көрүндө өкүрүү, куюшканга кыпчылуу, күчтүү-нүн күнү тууйт; мансап –колдун кири, май баш; өлгөнүндө күлүү, өрт өчкөндөй кылуу; сабырдын түбү – сары алтын, сөз өтпөө, суу ичкен кудугуңа түкүрбө, суук тумшук; таш боор, терини тескери сыйыруу, тилеги таш кабуу, тишин кагуу; уяттан кетүү, үрөйү учуу, үмүт менен жашоо; чар учкандай кылуу, чөнтөгү жукалык, чуу куйрук; ыйман болбой ынтымак болбойт, ырыскыдан куру калуу; элден чыгуу, ээрге кыйшык отуруу, эрке талтаң, эски жараны тырмоо) ж.б. автордун кылдаттык менен пайдалангандыгы. Тилибиздин баа жеткис мындай байлыктары доктордун чубатуусунан 180 жолу, айрымдары (балык башынан чирийт, кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет) – үч, (кара басуу, итке минер, көз топуракка тоёт) –төрт, (мурдуна суу жетүү) – беш, (көзүн бай басуу) - алты жолдон кызмат кылган:

- *Кандай жакшы жакшы адамдар бардыгы,*

*Жанга батат жамандардын тардыгы.*

*Чоң байлардын бирок көзүн май басып,*

*Теңине албай баратышат жардыны (216).*

*Кандай гана суук тумшук болушту,*

*Таштай качып, тайраңдаган конушту.*

*Кандаш тууган казакка да баталбай,*

*Баш калкалап, байырлады орусту* (135)

Карга акенин чебереси эске албаган объектилер деле калбагандай. Жогоруда кеп кылгандан тышкары, акча, ар –намыс; жаратканга, жаштарга, карыларга, элге, кыргызбайларга кайрылуулар, аларды ойлонууга чакыруу; кымбатчылык; жергебиз; тил, чочулоолор ж.б. акындын калемине

мүнөздүү – анын калеминин мизи канжардыкынан да өтүп жалаңдайт.

Кайсыл гана ыр саптарын, рубайларын, бейттерин алба – бардыгы учкул сөздөргө жакындап барат же аларга өсүп жетилет:

- *Чындык деген жеңет экен акыры,*

*Элден кандын артык эмес акылы* (8).

- *Улуу чыгат убаданын учуна* (14)

- *Кан калп айтса, кадырынан кеткени,*

*Карыз басса, ажалыңдын жеткени …* (16)

*Баарынын болот ченеми, тамчыдан суунун тереңи* (51)

- *Өнөр көрүп жыйганды, өлтүрөбүз ыйманды (53).*

- *Ойгонбогон жаш жаман, ойлонбогон баш жаман* (202),

- *Парасыз кайда барасыз, парасыз сыртта каласыз* (212).

- *Жебестер көр ичинде, жегендер эл ичинде* (214).

- *Чечилбеген түйүн жок, эскирбеген кийим жок* (232) ж.б.

Кыскасы, калың китеп аягы – учкул сөздөр баягы, эски бийлик менен эмгексиз байлыкка автордун катуу тийиптир таягы (257-270).

Биз адабий сынчы эмеспиз, окурман катары анча–мынча оюбузду ортого салып, төнөнкүлөргө көңүл бөлдүк:

«Акылмандын сөзү кыска, айта салса – нуска», кыска, нускалуу сөздөр – фольклордо жана жазма адабиятта байыртадан келаткан улуу мурас.

Кыска, нуска, угумдуу, жанга жагымдуу сөздөр макалдарга, учкул сөздөргө көбүрөөк топтолгон. Макалдар бардык элде бар, учкул сөздөр, негизинен, конкреттүү авторлорго таандык.

Макалдар жыйнакталган, изил-денген. Ал эми кыргыздарда учкул сөздөргө кайрылуу өткөн кылымдын 2-жарымынан башталып, азыркыга чейин уланып келет.

Эпизоддуу айрым чыгарма-ларын эске албаганда, учкул сөздөргө адистешкен авторлор жокко эсе. Бул жагынан Ү.Асаналиевди өзгөчө белгилөө керек. Ал учкул сөздөргө, повесть, роман сыяктуу, көлөмдүү чыгармаларын арнады. Ыр, рубай, бейт түрүндөгү эмгектери көркөмдүгү, учкулдугу жагынан азырынча эч кимди алдына салдырбайт; көтөргөн пробле-маларынын, идеяларынын форма, мазмун, сонундук чөйрөлөрү өтө шайкеш чагылдырылган; анын чыгар-малары бири бирин толуктап, шө-көттөлүп, ширелишип, ар күндөп, улам жаңы бийиктиктерге, табылгаларга көтөрүлүп келаткандыгын көз жаздымда калтырууга мүмкүн эместир. Алардын ичинен акындын учкул сөздөрү кыргыз адабий майданында айрыкча орунду ээлейт. Себеби алар учкул сөздөрдүн талаптарына толук жооп берет. Бир кездерде «Манас» таануу, Чыңгыз таануу дегендер жок эле. Эми алар илимге айланды. Бул чоң сыймык. Мурда учкул сөздөргө жеткилең мамиле жасабай келсек, азыр аларды көркөм адабий жанр иретинде колдонуу зарылчылыгы туулду. Ал үчүн адабиятчылар, чыгармачыл инсандар акын–профессордун учкул сөздөрүн ар тараптан изилдесе, адатыбызча кылчактай бербей, жаңы жанрдын көркөм табитине теориялык да,

практикалык да салым кошот эле. Ал кыймылга чейин Ү.Асаналиевдин учкул сөздөрү боюнча курстук, дипломдук иштер жазылып, жаштар илимий иштерге аралашса, балким, максатка ылайыктуудур; радио, теледе, ММКда кеңири пайдаланууга неге болбосун; компакт–дискаларга жаздырып, тие-шелүүлөрүн кинотасмаларга киргизип, кейипкерлердин добушун жого-рулатуунун да зыяны кийбейт. Акындын учкул сөздөрүнүн өзү эле жыйнактуу. Бирок алар жарытпаган нускада жарык көрүүдө, -массалуу түрдө чыгарылып, мектеп-терге, ЖОЖдорго, ар кыл даражадагы кызматкерлерге, эл арасына да жайылтылса, тилибиздин кереметтерине кошумча күбө болмокпуз, жаш муундарды тарбиялоону жакшырт-макпыз. Ыр өлчөмүнөн сыр өлчөмү кеңири, адабиятта издүү, албарстай миздүү учкул сөздөрдүн ээси Ү.Асаналиевдин чыгармаларын ЖКда адабиятчылардын, акын, жазуу-чулардын ж.б. катышуусунда талкуулап, көркөм дүйнө жөнүндө бир мыйзам чыгарышса, мурда болуп көрбөгөндөй жаңылыкка туш келмекпиз, мунун эл аралык да мааниси болмок, көркөм жашоонун ролу артмак.

Илимпоз акындын 80 жылдыгы жакындап келет. Анын мааракесине карата жогорудагы сунуштар ж.б. ишке ашып, айрым жыйынтыктары илимий конференцияларда каралса, учкул сөздөрдүн мекени кыргыз адабияты болуп калчудай. Бул – көркөм дүйнөбүздөгү чоң жаңылыкты ачуу менен барабар дегендикке жатаар беле.

**Адабияттар**:

1. Ашукин Н., Ашукина М. Крылатые слова. - М., 1966.
2. Султаналиев Ж. Учкул сөздөр. - Фрунзе, 1968.
3. Асаналиев Ү. Сөз-сөөлөт. - Б., 1999.
4. Асаналиев Ү. Сап-санат. - Б., 2008.
5. Асаналиев Ү. Ажыдаарлар алаа-маты. - Каракол, 2011.